**Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде**
**Соц педагогдун биринчи чейрек ичинде аткарган иштери боюнча иш баян**

Окуу жылынын башында мектеп окуучуларынын маалымат базасы тузулуп, социалдык абалы такталды жана сентябрь айынын башында Алдын алуу кенеши түзүлүп кенештин курамы бекитилди. Сентябрь айында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.

"Милициянын жаш достору"отряды -10 окуучудан түзүлдү." Өзүн-өзү башкаруу үчүн мектеп парламенти түзүлдү. Парламент 11 окуучудан туруп өз иштерин алып барууда. "Жол кыймылынын жаш инспекторлору" отряды 8-классынан тандалып алынып жол коопсуздугун алдын алуу боюнча иш план түзүлүп, бекитилди. "Жолдо жүрсөң, абайла" темасында линейка өткөрүлдү. Бардык класстарда «Жолдо жүрүүнүн эрежелери» боюнча аңгемелешүү иши жүргүзүлдү.

Ар бир айда "Темир жолдо өзүн кандай алып жүрүү керек?" деген темада линейка өткөрүлүп, аңгемелешүүлөр жүрүп жатат. Ар жума сайын окуучуларга «Жолдо жүрүүнүнүн эрежелери» боюнча түшүндүрүлүп турат.

Бардык класстардын ата-энелерине жолдо жүрүү эрежелери жөнүндө инструктаж өтүлдү. Мектептин коопсуздук кызматкери дайыма окуучулардын жолдон өтүүсүн көзөмөлдөп турат. Жана ошондой эле мектепте балдардын 1-11-класска чейин социалдык абалы такталып ,тобокел тобундагы балдарды тизмеге алып,мектеп ичинде каттого алынды . Тобокел тобундагы балдар менен аңгемелешип сүйлөшүп,аларды көзөмөлгө алуу менен бирге балдарды сабактан кийинки убактысында бош калтырбоо үчүн ар кандай ийримдер менен алектенип баланы өзүн-өзү таануугa,эмнеге жөндөмдүүлүгүн изденүүсүн арттыруу максатында ар кандай ийримдерге жана кружокторго катышыууда.

22.09.22-ж "Мектептеги рекет" темасында 7-9 класстар арасында лекция өткөрүлдү. Бул лекцияга ст.инспектор ИДНдин майор милициясы Артыкбаев Р,ст.уч.инспектор майор милиции Чинва Х, жана прокурордун жардамчысы Майрамбекова М. келип катышышты.Мектеп рекети боюнча мектепте дагы ар кандай аңгемелешүүлөр алдын алуу иштери жүргүзүлүп келүүдө.

12.10.22-ж.“Бангизат ,спирт,тамекиге жол жок жана сергек жашоого умтулуу”алдын алуу иштери ( “Нет” наркотикам ,алкоголю,курению! “Да” здоровому образу жизни!)деген аталышта класстык сааттар өткөрүлдү.
26.10.22-ж. “Иш –аракеттер жана жоопкерчилик ” аталышындагы темада класстык саатар өткөрүлдү.

Ошондой эле мектеп окуучуларынын арасында налог салуу зомбулугун болтурбоо жана анын алдын алуу боюнча ар бир класс жетекчи иш пландарын түзүшүп, өзүлөрүнүн окуучуларынын арасында иштер алып барылып жатат .

Кыздар менен иш алып баруу дагы жакшы жолго коюлган. Жыл башында кыздар арасында атайын тарбиялык Кыздар кеңеши түзүлүп, иш пландары бекитилип, жетекчилигине чет тил мугалими Суйумбаева Э.Н. дайындалды. Мектеп ичинде күн сайын окуучулардын сабакка келүүсү боюнча мониторинг жүргүзүлүп, сабакка келбеген балдардын себептери такталып, мектеп жетекчилиги жана класс жетекчилер тарабынан ыкчам чаралар көргөзүлүп жатат. Чылым чеккен балдар менен түшундүрүү иштерин жүргүзүп жана ошондой эле алдын алуу иштерин жүргүзүүдөмүн.

Мектеп директору: Тыныстанова С.А.

Соц.педагог: Калыбек к.Н.